Кушман - 5702С5 (3 арк)

**Мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде адистерди даярдоо планын эмгек ресурстарына муктаждыктын жыйынтык божомолуна ылайык түзүү боюнча**

**КЕЛИШИМ**

Ушул келишим бир тараптан Ош мамлекеттик университетинин Уставынын негизинде аракеттенүүчү ОшМУнун ректору, профессор **К. Г. Кожобеков** менен экинчи тараптан Кайра иштетүү өнөр жайы жана жаңы органикалык өнүгүү департаменти
(мекеме/ишкананын/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы)
(иш берүүчү) жайгашкан дареги Ош шаары Кара-Суу көчөсү 2
ортосунда төмөнкүлөр жөнүндө түзүлдү

**1. Келишимдин предмети**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин даярдоонун багыттары жана адистиктер боюнча окутууну каржылоо механизмин бекитүү жөнүндө" (№331 28-май 2012-ж.) токтомунун негизинде эмгек ресурстарына муктаждыкты аныктоо, мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде ЖОЖго кабыл алууга сунуштаган адамга мамлекеттик билим берүү грантын берүүнүн шарттарын түзүү жана окуусун бүткөндөн кийин аны бөлүштүрүүнүн жана ишке жайгаштыруу өзгөчөлүктөрү.

**2. Тараптардын милдеттери**

*2.1. Ош мамлекеттик университети буларга милдеттенет:*

- Гранттык негизде окутууга абитуриенттерди тандоо КРнын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 27-майындагы №256 токтому менен бекитилген Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча КРнын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу жөнүндөгү жобого ылайык жалпы республикалык тесттин жыйынтыгы менен ишке ашырылат;
- Гранттык комиссия сунуштаган абитуриентти тандалган багыты (адистиги) боюнча студенттердин катарына кабыл алууга жана республикалык бюджеттин каражатынын эсебинен окутууга;
- КРнын билим берүү жөнүндөгү мыйзамдарынын талаптарына ылайык келген билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө;
- студент кесиптик жогорку билим берүүнүн багыты (адистиги) боюнча окутуучу программаны өздөштүрүшүнүн жана мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча ага тийиштүү квалификация (академиялык даража) ыйгарууга жана жогорку билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүүгө;
- окуунун аяктарына 4 ай калганда бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу үчүн бош орундар жөнүндө маалымат берүүгө;
- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин атынан жаш адистерди бөлүштүрүүгө жана ишке орноштурууга тийиштүү жолдомо берүүгө;

*2.2. ОшМУга кабыл алынган абитуриент төмөнкүлөргө милдеттенет:*

- ЖОЖдун Уставынын талаптарын жана ички тартип-эрежелерин сактоого, кесипке окутулуучу программаны толук көлөмдө өздөштүрүүгө;
- башка багыт (адистик) боюнча окууга которулбоого;
- ЖОЖдогу окуусун бүтөөрдөн 3 ай мурда иш берүүчү менен тийиштүү келишимге кол коюуга жана жаш адистерди бөлүштүрүү жана ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комиссиянын жолдомосу боюнча 3 жыл иштеп берүүгө;
- мамлекеттик комиссиянын жолдомосу боюнча иштөөдөн баш тарткан учурда жана келишимди студенттин демилгеси боюнча мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда ЖОЖго аны даярдоого кеткен чыгымдарын баш тарткан күнгө чейин мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмүндө төлөп берүүгө;

*2.3. Иш берүүчү/райондук мамлекеттик администрация/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары буларга милдеттенет:*

- ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүн бөлүштүрүү боюнча мамлекеттик комиссиянын ишине катышууга жана бүтүрүүчү ишке орношуу үчүн кайра кайтып келишин көзөмөлдөөгө;
- окууга жиберилген бүтүрүүчүнү уюмга же мекемеге адистиги боюнча ишке орноштурууга;
- жаш адистин ЖОЖдон алган адистиги боюнча туура пайдаланышын камсыздоого;
- ЖОЖдо педагогдук адистикке окутулган бүтүрүүчүгө карата КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын 32-беренеси, КРнын "Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамынын 7, 8, 11-беренелери аткарылышын камсыздоого;
- мыйзамда каралган башка учурларда жаш адистер иштеп берүүчү мөөнөтү бүткөнгө чейин жумуштан бошотулушуна жол бербөөгө.

– 2.4. *Иш берүүчү/райондук мамлекеттик администрация/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары төмөнкү багыттар (адистиктер) боюнча кадрларды даярдоого заказ берет:*

| Адистиктин/багыттын аталышы жана коду | | Буйрутма кылынган адистердин саны |
|---|---|---|
| 550300 | **Филологиялык билим берүү:** | |
| | Профили: Кыргыз тили жана адабияты | |
| | Профили: Орус тили жана адабияты | |
| | Профили: Чет тили | |
| 550200 | **Физика-математикалык билим берүү:** Профили: Математика, Информатика | |
| | Профили: Физика | |
| 550100 | **Табигый-илимий билим берүү:** Профили: Биология | |
| | Профили: Химия | |
| | Профили: География | |
| 550700 | Педагогика: Профили: Башталгыч билим берүү | |
| | Профили: Мектепке чейинки билим берүү жана логопедия | |
| 520200 | Биология: Профили: Биология жана лабораториялык иш | 3 (4г) |
| 550400 | Социалдык-экономикалык билим берүү: Профили: Тарых | |
| 532000 | Дене тарбия жана спорт | |
| 550600 | Көркөм билим берүү: Профили: Музыкалык искусство | |
| | Профили: Сүрөт искусствосу | |
| 710100 | Информатика жана эсептөө техникасы:<br>Профили: Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы (ПОВТАС) | |
| | Профили: Информацияны иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары (АСОИУ) | |
| 710200 | Информациялык системалар жана технологиялар | |
| 710400 | Программалык инженерия | |
| 710300 | Колдонмо информатика | |
| 510200 | Колдонмо математика информатика | |
| 510100 | Математика | |
| 580100 | Экономика | |
| 540200 | Социалдык иш | |
| 560001 | Дарылоо иши | |
| 560003 | Медициналык алдын алуу иши | |
| 560002 | Педиатрия | |
| 640200 | Электроэнергетика жана электротехника | |
| 620001 | Колдонмо геодезия | |
| 600200 | Туризм | |
| 610001 | Ветеринария | |
| 610200 | Агрономия | |
| 580500 | Бизнес информатика | |
| 590100 | Маалыматтык коопсуздук | |
| 700500 | Мехатроника жана робототехника | |

3. Өзгөчө шарттар

3.1. Жаш адистерди бөлүштүрүү жана ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комиссиянын жолдомосу боюнча иштөөдөн баш тартканга байланыштуу адисти даярдоого кеткен чыгымды төлөөдөн төмөнкү учурда бошотулат:

- медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча келечектеги кесип боюнча иштөө медициналык жактан ылайык болбогон адамдар, анын ичинде республиканын конкреттүү аймактарында иштөөгө байланыштуулар;
- ата-энесинин бирөө же жубайы биринчи же экинчи топтогу майып болсо, жана эгер иш ушул аталган майып туугандары туруктуу жашаган жерден бөлөк жактан берилип жатса:
- офицердик жана жетекчи курамдагы аскер кызматчылардын, прапорщиктердин жана КРнын Куралдуу Күчтөрүндө, КРнын Ички иштер министрлигинин органдарында жана аларга теңештирилген башка кызматтарда контракт боюнча иштеген башка аскер кызматчылардын аялдары (күйөөлөрү). эгер иш күйөөсү (аялы) иштегенден башка жерден берилип калса;
- окуу жайды бүтүп жаткан мезгилде кош бойлуу жана 1 жашка чейин баласы бар аялдар. эгерде иш бүтүрүүчүнүн үй-бүлөсү туруктуу жашагандан башка жерден берилип жатса:
- жетим балдар (тоголок) жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;
- радиациялык авариялардан жана башка кырсыктардан жабыркаган адамдар;

3.2. Бул келишим кыргыз тилинде эки нускада түзүлдү, бардык нускалары бирдей юридикалык күчкө ээ;

3.3. Келишим ага кол коюлган учурдан баштап күчүнө кирет, жана Тараптардын жазуу жүзүндөгү макулдашуусу боюнча гана өзгөртүлүшү мүмкүн.

3.4. Тараптардын ортосунда болгон талаш жагдайлар мыйзамда белгиленген тартипте чечилет.

**ОшМУнун ректору, проф.**
**Кожобеков К.Г.**

________________

«19» _____ 20__-ж.

723500. Ош ш., Ленин к. 331, edu@oshsu.kg
Телефон: (03222) 7-07-12
Факс: (03222) 7-09-15

Иш берүүчү/райондук мамлекеттик администрациянын/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлү

________________ (Фамилиясы, аты-жөнү)

________________ (Колу)

«__» ____ 2024-ж.

АНЫКТАМАЛАР ҮЧҮН
ДЛЯ СПРАВОК